Қазақстан Республикасы білім және ғылым министрлігі
Министерство образования и науки Республики Казахстан
Ministry of education and science the Republic of Kazakhstan

Абай атындағы Қазақ ұлттық педагогикалық университеті
Казахский национальный педагогический университет им. Абая
Kazakh national pedagogical university named after Abai

Көркемсурет факультеті
Художественно-графический факультет
Graphic art faculty

# «ХАЛЫҚТЫҚ САЗ АСПАПТАРЫ ЖӘНЕ ТҮРКІ ХАЛЫҚТАРЫНЫҢ АСПАПТЫҚ МУЗЫКАСЫ: ӨТКЕНІ, БҮГІНІ ЖӘНЕ БОЛАШАҒЫ» ХАЛЫҚАРАЛЫҚ СИМПОЗИУМ МАТЕРИАЛДАРЫ

## 25-26 сәуір 2013 жылы

# МАТЕРИАЛЫ Международного симпозиума «НАРОДНЫЕ МУЗЫКАЛЬНЫЕ ИНСТРУМЕНТЫ И ИНСТРУМЕНТАЛЬНАЯ МУЗЫКА ТЮРКСКИХ НАРОДОВ: ПРОШЛОЕ, НАСТОЯЩЕЕ И БУДУЩЕЕ»

## 25-26 апреля 2013 года

# MATERIALS International Symposium «FOLK MUSICAL INSTRUMENTS AND INSTRUMENTAL MUSIC OF TURKIC PEOPLE: THE PAST, PRESENT AND FUTURE»

## 25-26 april 2013

Подпись
Ученый секретарь заверяю
КГУ им.

Алматы, 2013
Almaty, 2013

**МАЗМҰНЫ**
**СОДЕРЖАНИЕ**

## РАЗДЕЛ I. НАРОДНЫЙ МУЗЫКАЛЬНЫЙ ИНСТРУМЕНТ И НСТРУМЕНТАЛЬНАЯ МУЗЫКА ТЮРКСКОГО МИРА


**КІРІСПЕ**........................................................ 5

**ВВЕДЕНИЕ**........................................................ 6

**Жәкішева З.С.** Түркі халықтарының этномәдениетіндегі дәстүрлі музыкалық аспаптар......... 7

**Елеманова С.А.** Народный музыкальный инструмент в современной культуре..................... 9

**Тұрмағамбетова Б.** Жолаушы Тұрдығұлов – ұлт аспаптарын жаңаша жаңғыртқан шебер......... 12

**Жәкішева З.С.** Қазақтың аспапты-музыкалық қолөнері........................................ 15

**Халык-заде Ф.Х.** Азербайджанский саз и его исторические прототипы в свете тюркологии.... 17

**Оспанов Б.Е., Шайгозова Ж.Н., Султанова М.Э.** Мифопоэтика казахской домбры.............. 20

**Каржаубаева С.К.** Казахский традиционный театр........................................ 24

**Корпобаева М.К.** Комуз самый древний и любимый инструмент кыргызов...................... 28

**Муратова А.М.** Кыргыздын үч кыл комузунун жаралыш тарыхы, күү баяны жана залкар комузчулары........................................ 31

**Ізмұратова З.Ш.** Шертер аспабының жетістіктері........................................ 34

**Мұқышев Т.К.** Қазақ сыбызғысының түрлері........................................ 38

**Берістен Ж.** Домбыра туғызған «Бейбарыс сұлтан» операсы (екі көріністі операның концерттік қойылымы туралы)........................................ 41

**Дюшалиев К., Абетекова А.** Жанровая структура кыргызской традиционной инструментальной музыки........................................ 48

**Басыкара Е.Б.** Шертер в системе струнных инструментов тюркоязычных народов............... 50

**Исмагулов А.Д.** Основные этапы становления и развития этноинструменоведения в Казахстане........................................ 54

**Mussakhanova M.Z.** Folk musical instruments in the museum collections.............................. 63

**Халидуллин Ғ.Х.** Құрманғазы Сағырбайұлының біз білмейтін тарихы.............................. 66

**Оспанов Б.Е., Мусалаев Н.Н.** Музыка как феномен культуры...................................... 68

**Жармағанбетова Ж.Р.** Айтбай Мұздаханов күйлерінің тақырыптық ерекшеліктері.................... 71

**Далбағай Г.Е.** Саз сырнайдың шығу тарихына байланысты кейбір мәселелер............................ 72

**Адамқұлов Н.М.** Қазақтың музыкалық аспаптары түркі тілдес аспаптармен ұқсастық негіздері........................................ 76

**Намазова Қ.Б.** Қобыз – түркі халықтарымен бірлестікте туған аспап........................................ 78

**Кульбаев А.К.** Қобыз өнерінің қалыптасуындағы қазақтың бақсылық институты мәселесі туралы........................................ 80

**Бәрібаев С.Б.** Қазақстанда сырнай (баян) аспабының даму кезеңі және оның халық аспаптар оркестірінде алатын орны........................................ 85

**Барибаева А.С.** Орнамент в художественных и музыкальных традициях кочевников Казахстана........................................ 87

**Ахметбекова Д.А.** Камерная музыка Б.Далденбай как образец современной тюркской инструментальной музыки........................................ 90

**Султанова М.Э., Оразкулова К.С.** Звуки и краски казахского традиционного фольклора в живописи «шестидесятников»........................................ 92

**Тұрдығұлов Ж.Ә.** Домбыраның жасалу жолдары мен технологиясы........................................ 96

**Тұрдығұлов Ж.Ә.** Домбыраны инкрустациялық сәндеу........................................ 100

**Рабилова З.Ж.** Қазақ халқының домбыра саз аспабының музыка мәдениетіндегі алатын орны. 102

**Мұстафа А.С.** Қазақтың ұлттық саз аспаптарының өткені, бүгіні және келешегі........................ 105

**Ермекова С.А.** The voice of god that sounded in Asia........................................ 107

**Сахарбаева К.** Қазақ күй өнерінің ұлы тұлғасы (күйші Қ.Ахмедияровтың шығармашылығы турасында)........................................ 111

**Қазтуғанова А.Ж.** Жанр категориясына телінетін күйлер........................................ 114

**Касимова З.М.** Идентичность и своеобразие жанра беташар у тюркских народов.................. 118

**Құмаров А.** Қоссаз – қазақ дәстүрлі музыкалық аспаптардың даму желісінің бір мұрасы........... 122

**Мұстафаев Е.** Қобыз сарыны және мақам........................................ 123


Подпись ... заверяю
Ученый секретарь

Пьесы для комуза богаты по тематике, разнообразны по форме и средствам художественного выражения.

Многие пьесы, не имеющие развитой сюжетной канвы, создавались народными музыкантами под непосредственным впечатлением от конкретных жизненных событий или часть отдельных героев из народных преданий и эпических поэм. Таким образом, комуз в большей части своего многовекового функционирования являлся основным инструментом создателей и носителей кыргызского профессионального искусства устной традиции и прежде всего комузистов-авторов и исполнителей инструментальных композиций для комуза – кюу.

## КЫРГЫЗДЫН ҮЧ КЫЛ КОМУЗУНУН ЖАРАЛЫШ ТАРЫХЫ, КҮҮ БАЯНЫ ЖАНА ЗАЛКАР КОМУЗЧУЛАРЫ

**Муратова А.М.**
*улуу окутуучу, И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика институту,*
*мектепке чейинки билим берүү кафедрасы*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

*Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,*
*Кыйналып биздин ушул күндү көздөй.*
*Бул комуз көп сууларды кечип келген,*
*Эли да комуздай жөп жөнөкөй*

*Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз*
*Чертилбейт, күүгө келбейт чеберколсуз*
*Оп –оңой көргөн көзгө жөп - жөнөкөй*
*Бирок да өнөрү бар айтып болгус*

*А.Осмонов.*

### Комуздун жаралыш тарыхы

Комуз кыргыз элинин чертме кылдуу музыкалык аспабы. Үч кылы шаңшып, сырттан жупуну гана көрүнгөн кыргыз комузунун айтып бүткүс тарыхы бар. Мындан эки миң жылдан ашуун мурун эле байыркы Энесай кыргыздарынын колунда ойноп келгенине карт тарых өзү күбөдүр. Түрк элдеринде тартма, кылдуу жана какма аспаптарынын кобус (хобус) комыс, кобус (хомуз), кумуз деп аталган аспаптары бар. Бул комуздун эң байыркы музыкалык аспап экенин далилдейт. Комузда кол жөндөмү өзгөчө чеберчилик менен талап кылынгандыктан аны эң оболу «Кол-уз» деп атап калган сыяктанат. Анткени комузду байыркы эл ырга коштоп пайдаланбастан, керемет күндөрүн, кайгы-муңун, азабын, сүйүүсүн күүгө келтирип мукам чертишкен. А түгүл эзелки күүлөрдүн муңунда адам арманы, дастан, кайгысы катылып жаткан өңдөнүп, кээ бир күү түшүнгөндөр анын жандырмагын чечмелеп беришет. Кээси эзелки элдин улуу көчү көз алдыга тартылаарын айтышат. Анда көп жөндөмдүүлүктүн дагы бири, канаттуулар, өйдө-ылдый шилтеп, ийин, чекеге коюп черткенинин өзү кол жөндөмдү, уздукту айгинелеп турарын тануууга болбойт. Жангуанхан жазган «Кыргыз салт-санаалары» деген китепте «Комуз» деген сөз кыргыз тил диалекти «Ку оз» деген сөздөн улам келгени, ал «Шумдуктуу үн» же «Укмуштай добуш» деген маани берээри айтылат.

**“Токтогулдун комузу шамалга койсо да ырдап турар эле....”**
**“Чалагыз комуз чабуулчу өрүктү караңгыда жытынан билет”**

Комуз өрүк, алмурут, карагай, арча, жапан тал, өңдүү экме жана жапайы **жыгачтардан чабылат.** Жалбырактары күбүлгөн жана мөмөсү бышкан кезде кыйылган жыгач сомдолуп, сууга кайнатылып, анан ышталган.

**Комуз: баш, моюн, тулку, чара, капкак, тепкек, үч кулак, үч кылдан түзүлөт.** Комуздун чарасы см менен өлчөнүп, ал үчкө бөлүнөт. Туптуура үчтөн бир бөлүгүндө комуздун тепкеги турушу керек. Ал эми үчтөн эки бөлүгүндөгү чекитте комуздун тешиги - капкактагы көзөнөгү келет.Тепкектен баштап моюн босогого чейинки (кыл өткөн жери) аралыкты комуздун жумушчу бөлүгү деп атайт. Ушундай комуздун жумушчу бөлүгү аваздык нота боюнча алганда 19 ладка барабар. Ошондо гана аваздык мыйзам туура сакталат.

Комуздардын көлөмү ар кандай келет. Узуну 70 см, экинчиси - 65 см, үчүнчүсү - 60 см болот. Бул өлчөмдө комуз жасоого ниеттенгендер комуздун чарасы менен моюнун өлчөгөндө тең ортосунан алыш керек. Мисалы, 70 см комуздун моюнунун узундугу 35 см, чарасынын узундугу 35 см; 65 см комузда 32,5 см ж.б. Мындай комуздарды, адатта, бала комуз жана чоң комуз деп бөлөбүз. Физикалык жагынан алганда комуздун ортонку кылын күүлөгөндө кайсы нотадан резонанс кубулушун берерин аныкташыбыз керек.

**«Адамды сүйлөткөн тил болсо, комузду сүйлөткөн кыл». Кылдын үнүн** жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрү бар экенин билүү үчүн айрым чеберлер байкоо жүргүзүшүүдө. Атайын кылдуу



Подпись
Ученый секретарь
И. АРБАЕВА

аспаптар үчүн «капрон», «нейлон» сыяктуу сапаттуу жана үндүү кылдар бар. Ошондон комузга ылайык жоондукта кыл кылгандар бар. Демек, кадимки кылга ичеги капрон, нейлон же жибек жиптеринен бир аз кошуп синтездешүүдө. Анда жалгыз ичеги берген үндөн да бийигирээк, тазараак, угумдуураак, сапаттуураак үн пайда болот.

**Тээк** адатта, өрүк менен дубдан жасалуусу тийиш. Комузду **сактоо** жана урунуу күлүктү таптаган саяпкерге, куш асыраган мүнүшкөргө барабар. Аны кургак жайда кармоо керек. Комузду чалкасынан же көмкөрөсүнөн жаткызбайт. Башынан, кулагынан алып, мыкка илип койбош керек. Эки жакка чыкканда жылаңач алып жүрбөй, анын комуз кабы болушу зарыл.

Комуз күүнүн мүнөзүнө жараша мындай **толгоолорго бөлүнөт**: чың толгоо (кварта),бош толгоо (кварта), оң толгоо (кварта-квинта),сол толгоо (квинта – кварта), кош толгоо, терс толгоо, бош терс толгоо, чың терс толгоо. **Комуз чертүүнүн ыкмалары:** аралашма, калтылдатып чертүү, терип чертүү, жанып чертүү, кол ойнотуп чертүү ж.б.

**Кыргыз күү музыкасынын тарыхы** узак мезгилди камтыйт. Тан (династиясы) доорунда Батыш өлкөлөрдүн (Орто Азия, Түркстан) жана түндүктөгү уруулардын музыкасы «хуме» (Хулардын музыкасы) деп аталган. Кыргыздардын музыкасы анын бир бөлүгүнө таандык. Тан (династиясы) доорундагы хан сарайында ойнолуучу он түрдүү музыканын үчөө Синьцзяндыкы (Түркстандыкы). Бул үч музыкага: «Гаоган юе (?)», «Цюцы юе(?)», «Шули Юе (?)» кирет. Кыргыз музыкасы – «Гаочан юе» музыкасынын бир бөлүгү. Синьцзяндагы Турфан шаарынын батышындагы «Чжао ха чун гае чан» (?) өрөөнүнөн IX кылымдын башталышына таандык байыркы бир сүрөт табылган. Сүрөттөгү кичине бала чертип жаткан аспап – **кыргыздардын комузу.** Комуз «муцин» – «жыгач комуз» деп да аталат. Комуз бүтүндөй жыгачтан жасалып, ага тагылган үч кылды кагуу аркылуу үн чыгарылат. Ал кыргыз элинин эң байыркы жана кеңири тараган музыкалык аспабы... Байыркы заманда эле (комуз) башка улуттар жашаган аймактарда, ал түгүл, чет элдерге да тараган. Тан (династиясы) доорунда кыргыз эли Тан падышасына белек катары бир комуз беришкен. Кийин, Тан падышасы ал комузду япондорго сыйлык катары тартуулаган. («Бүгүнкү Китай авторлору байыркы кыргыздар жөнүндө») Илим, далил жана божомол («Кыргызстан маданияты», 23-июль 1987-жыл.).

**«Күү башы камбаркан»,** - дегендей, Камбаркан эң илгерки күү болуп эсептелет. **Күү** – кыргыздын аспаптык музыкасынын аты. Комузчулардын өнөрүнүн өнүгүшүнүн натыйжасында, ал ар кандай аттардын астында аткарылган. «Камбаркан» ушунча элге таралгандыктан өзүн сыйлаган комузчу өзүн программасына бир же экини кошчу. Мисалы К.Орозов төрт «камбарканды» чертчү: «Эл камбаркан», «Терме камбаркан», «Колхоз камбаркан», «Сынган бугу камбаркан», ал эми М. Куренкеев «Күрөнкөйдүн камбарканын» аткарчу, А.Огонбаев болсо «Маш камбарканды» жана «Кирки камбарканды» аткарчу, А.Ошуров «Казак камбарканын», А.Тыныбеков «Алга бас, камбарканды», Б.Осмонов «Малчылар Камбарканын» жараткан. «Камбаркандын» негизги белгилери – анын жай ойнолушу, бош толгоосу, моюн күүсүнүн өзгөчөлүктөрү, обондун терең философиялык мааниси болуп эсептелет. Салттык кыргыз күүлөрүнүн ичинен «Камбаркан», «Кет Бука», «Ботой», «Кербез», «Шыңгырама» сыяктуу кылым карыткан күүлөрү бүгүнкү күнгө чейин жеткен. Кыргыз күүлөрүндө элдин турмушундагы орчундуу окуялар, жашоо-турмушту, дүйнөгө болгон көз карашты чагылдырган философиялык ой толгоолор камтылган.

**Ботойлор** кыргыздардын аң - сезиминде ажырагыс эне менен баланын образы менен байланыштуу болот. Изилдөөлөр көрсөткөндөй ботойлор маани-маңызы боюнча ич-ара бири-биринен айырмаланышат. Мисалы кээ бири салыштырмалуу жай, жөнөкөй болот буга «Тилендини ботою», бешик ыры «Муратаалынын ботою», мүнөзү боюнча назик «Токтогулдун ботою», «Чоң ботой» дегендер кирет. Ал эми башкалар абдан шаңдуу, ылдам, бат аткарылуучу «Муратаалынын Кичине ботою», «Айдайдын ботою», «Бокотөйдүн ботою», «Жумалак ботой», «Чаржайыт ботой», К. Орозовдун «Чоң ботою», Т. Сатылгановдун «Ботою» ж.б. **Кербез** жанры кишинин мүнөзүн музыкада чагылдыруу аракетинде пайда болгон. Комуздун жардамы менен аткарылуучу күүлөр маанисинин байлыгы, жанрдык – тематикалык жана ритмдик өзгөчөлүгү менен мындай бөлүктөрдөн турат: 1.**Программалуу – классикалык (залкар) күүлөр:** Бул топко кирүүчү күүлөрдүн түрлөрү: «Камбаркан», «Ботой», «Шыңгырама», «Кербез». Алар илгерки убакыта эле пайда болушуп, жайылы таркалган. Комузчулар иш жүзүндө күүнү жаратуучусу жана анын аткарып, өз өнөрүнүн таратуучусу, атагын чыгаруучусу да болушат. Чыгармалар бир муундан экинчи муунга оозеки түрдө берилүүсүнүн натыйжасында аталышы бирдей бирок чертилиши айырмаланган б.а. варианттары пайда болгон. «Күү башы камбаркан», - дегендей, Камбаркан эң илгерки күү болуп эсептелет. Комузчулардын өнөрүнүн өнүгүшүнүн натыйжасында, ал ар кандай аттардын астында аткарылган. «Камбаркан» ушунча элге таралгандыктан өзүн сыйлаган комузчу өзүн программасына бир же экини кошчу. Негизинен бул топко кирген күүлөрдө сюжет бар. Мисалы Ы.Тумановдун

"Ооган Камбаркан" күүсү 1917- 18 – жылдары чыгарылган. Үркүндөн кайткан элдин жашоосун ачып берген, ушул эле автордун " Жеңиш", "Паравоз" же " Кара тулпар" күүлөрү да программалуу залкар күүлөргө кирет.

2. **Кол ойнотмо залкар күүлөр** – бул күүнүн негизги алып жүрүүчүсү Атай Огонбаев болгон. Бул күүнүн аткарылыш ыкмасы аты айтып тургандай эле негизинен кол ойнотуу ыкмасы менен аткарылат. Атайдын " Ак тамак, көк тамак", "Маш ботой", "Кыз кербез"ж.б. күүлөрү буга ачык мисал. К.Орозовдун " Кара өзгөй", Айдараалынын " Көйрөң күү", " Армандуу чымчык"," Миң кыял" жана башка күүлөр кирет. Бул топтун чыгармалары өзүнүн мазмууну жана өтө мыкты, кол ойнотуп чертүүсү менен айырмаланат. Күүлөргө чертилүүнүн темпераменттүүлүгү, комузчунун көркөм кыймыл аракеттери жана анын аспапты колдоно билүүсү таандык. Азыркы күндө жаш аткаруучулар кол ойнотмо залкар күүлөргө басым жасап аткарып келүүдө.

3.**Айтым күүлөр** же **обон күүлөр –** өзгөчө жана бай жанрдуу кыргыз музыкасынын тобунун бири

Айтым же обон күүлөрдүн негизинде өзүнүн аталышынан эле көрүнгөндөй эле элдик ырлардын обондору жатат. Алар өзүлөрүнүн көлөмү, формасы жана ойноо ыкмалары боюнча айырмаланат . Айтым күүлөр – өзгөчө жана бай жанрдуу кыргыз музыкасынын тобунун бири. Кээде комуз күүсү аткаруучунун түшүндүрмөсү, эпизоддук ырлар менен коштолот. Ырдык жанрдагы жашоо-турмуштук жана лирикалык маанидеги күү миниатюралар да кездешет. Көбүнчө махабатты, сулуулукту мактап, ырдаган чыгармалар айымдардан образдары жана аттары менен байланышкан. Мисалы: «Налима», «Батмакан», «Мистекан», «Сайракан» ж.б. Өзүнүн формасы боюнча аспаптык миниатюра болгон, **эпикалык күүлөр** элде көбүрөөк таралган. Мында кыргыз музыкасыны эпоско болгон тартылуусу, сүйүүсү көрнөт. Ал өзүнүн алгачкы абалынан чертилиши менен гана айырмаланбастан, анын эпостук каармандардын өз көзү менен сүрөттөлүшүнүн көлөмдүгү менен айырмаланат. Кыргыз комуз музыкасында эпос жана дастандын башкы каарманынын атын алган көптөгөн чыгармалар бар. Алардын ичинде: «Мендирман», «Солтон Сары», «Жаныш-Байыш», «Сарынжи-Бөкөй», «Курманбек», «Каныкейдин арманы», «Гүлкаакы», «Ак Бакай», «Кетбука».

**Улуу Комузчулар.** Кыргызстанда бир нече регионалдык аткаруу мектептери калыптанды, ар бири өзүнүн стилдик өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Ысык - Көлдүн мектебинен Арстанбек, Муратаалы Куренкеев, Карамаолдо Орозов, Ош мектебинин алдыңкы комузчулары Ниязалы, Талас мектебинин аткаруучулары Токтогул, Атай, Нарын мектебинен Майлыбай, Кудайберген, Муса. Кыргыз күүлөрүнүн маданиятынын өнүгүшүнө чоң салым болуп эсептелген инсандардын аттарын атап өтсөм: М.Жаманкараев, К. елеков, А. ейшукуров, Н. орошев, Т. атылганов, К.Орозов, Ы.Туманов, А.Огонбаев, Ш.Шеркулов.

**Карамолдо Орозов** 1883- жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Корумду деген кыштакта туулган. Кыргызстан композиторлор уюмунда сакталып турган өздүк ишинде жазылып тургандай, 23 комуз күүсүнүн автору болгон. Улуу комузчунун репертуары өзүнүн аткаруусунда өз учурунда Москванын жана Кыргызстандын радиофондусуна жазылган.Карамолдонун көп күүлөрү бир нече симфониялык жана опералык чыгармаларга, ошондой эле Кыргыз мамлекеттик филармониясынын эл аспаптар оркестринин репертуарына негиз болуп кирди. Асанкан Жумакматов "Ибарат", "Сынган бугу", "Көкөй кести" сыяктуу күүлөрүн эл аспаптар оркестри үчүн иштеп чыкты. Атай **Огомбаев –** ырчы, комузчу, күүчү ж-а обончу, Кыргыз ССР эл артисти. АТАЙ элдик обондордун салттык негизинде бир канча лирикалык ырлар жараткан. Анын «Күйдүм чок», «Эсимде», «Гүл», «Ой, булбул», «Жаштар» сыяктуу лирикалык ырлары угуучуларга кеңири малым; «Ак Зыйнат», «Куралай», «Майчач» сыяктуу элдик ырларды да чеберчилик менен аткарган. А.Токтогул, Ныязаалы, Айдараалы ж.б. күүлөрүн чеберчиликте аткарып, элге жайылткан. Аткаруучулук бай техникасы, таасирдүү ыкмалары, оригиналдуу музыкалык ыргактарды таба билиши өнөрүн өзгөчө түскө ээ кылган. Композиторлор В.В. Власов, А.Малдыбаев, В.Фере Атайдын «Күйдүм чогун» «Айчүрөк» операсында Айчүрөктүн лирикалык темасына пайдаланышкан, ал эми «Эсимденин» обону В.Ференин «Кыргызстан» аттуу симфониясына лейтмотив катары кызмат кылган. Композитор А.Түлеев залкар комузчунун күүлөрү менен обондорунун негизинде «Атай» аттуу симфония (1962) жазган.

**Токтогул Сатылганов -** кыргыз акыны, комузчу, төкмө. Кыргыз элинин акыны, ойчул, комузчу, обон-күү чыгарган чебер. Бала кезинен ыр-күүгө шыктуу болуп, 13 жашынан ырлары айыл арасына тарай баштаган. «Туткундан келгенде» аттуу ырлардын циклин түзөт.Өзгөрүлмө дүйнө, өмүр, өлүм, турмуш жөнүндө ой жүгүртүүлөрү: «Терме», «Санат», «Дүнүйө», «Замана», «Өмүр», «Карылык», «Үлгү ырлар», «Насыят», «Жаштарга» ж. б. ырларында чагылдырылган. Токтогул - айтыш өнөрүнүн чебер өкүлү. Белгилүү күүлөрү:«Ботой», «Кыз кербез»,«Чоң кербез»,«Мырза кербез»,«Миң кыял» ж.б.

**Шекербек Шеркулов –** Кыргызстандагы 20-кылымдагы көрүнүктүү өнөрпоз, төкмө акын, ырчы,

комузчу ишмерлердин бири. «Жүрөк толкуйт», «Тынчтык күүсү», «Эрке кыз», «Кыл чоймо ботой» өңдүү ж.б. күүлөрү жана «Мичуринге», «Пахтачы келин», «Гүлдөсүн кыштак бак менен», «Арзыкан» деген обондуу ырлары бар.

**Кыдырназаров Асанбек** – театр жана кино артисти, комузчу. Күүлөрү «Кыргыз көчү»,»Бешик», «Калмак ашуу», «Тилек», «Саамал».

**Намазбек Уралы тегин** залкар комузчулар Карамолдо, Ыбырай, Чалакыз, Токтогул, Ниязалы, Атай, Мураталы баштаган комузчулардын күүлөрүн жана элдик күүлөрдү үйрөнүп, репертуарын байытуудан тышкары күүлөрдү так аткарууга, иштеп чыгууга көп аракет жасайт. Белгилүү күү изилдөөчү Асан Кайбылдаевдин "Күү баяны" аттуу китебинде Намазбекке таңшык комузчу жана залкар комузчу деген баа берилген. **Абдыракманов Нурак** - комузчу, күүчү, ырчы-аткаруучу, Абдыракманов "Ата мурас", "Соң-Көл", "Улуу тоолор", "Эне жүрөгү", "Жаңырык", "Шаттык", "Өмүр көчү"», «Абай ата»- (Абай Кунанбаев тууралуу), «Аттилахан», «Сары өзөк», «Салтанат Камбаркан» ж.б. сыяктуу классикалык үлгүдө чыгарган күүлөрдүн автору, «Так текени» да ойнотуп, көргөндөрдү таң калтырып келет. ЮНЕСКОнун атайын сыйлыгына ээ болгон КРнын Эл артисти-Нурак Абдырахманов агабыз болду! **Азыркы комуз күүлөрүнүн атасы** замандаштарыбыз: Болуш Мадазимов, Асанбек Кыдырназаров, Мейилкан Козубекова, Самара Токтакунова, Нурак Абдырахманов, Анара Эсенгулова, Зайнидин Иманалиев, Намазбек Шеркулов ж.б. Ысымдары элге белгилүү жана белгисиз калган кыйын-кыйын комузчулар -»Таң булбулу» болуп таңшыган, «Ак тамак, көк тамак» болуп куштарча сайраган, «Улуу тоолордун» касиетин сездирген, «Сынган Бугу», «Кет, Бука!», «Бекарстан тайчы» болуп тарых-санжыраны безеген, кербендердей чубаган «Кыргыз көчүн» көз алдыга тартып, жаштарга «Насыйкат» айтып, кээде «Саринжи-Бөкөй» болуп керээзи менен муңканып, «Көкөй кести» болуп жүрөктү эзип, уккан жанды «Миң кыялга» батырып делөөрүтүп, жаштарга жакшы заман келсе экен деп, «Жаш тилекти» шаңдантып, кээде мөлтүр булак болуп шылдырап, кайра туруп күкүктөп аккан дайра болуп, толуп ташып, ушундай айтып бүткүс кереметтин баарын үч кыл комузга сыйдырып, аны эл шайырлары – комузчу өнөрпоздор «сүйлөтүп келишти»…



1. *Алагушов Б.Комузчулар өнөрү. – Ф.: «Илим», 1976.*
2. *Алагушов Б. Кыргыз музыкасынын тарыхынан. - Ф.: Мектеп, 1989.*
3. *Алагушов. Кылымдардын кылдары. – Ф.: 1983.*
4. *Дуйшалиев К.Ш. Кыргыз эл музыкасы: Окуу китеби. – Б.: «Шам», 2007.*
5. *Кайбылда уулу Асан. Кыргыз күүлөрү: Иликтөөлөр, ойлор, пикирлер. - Б., 2011.*
6. *Кыргызстандын тарыхы. – Ф., 1996.*
7. *Субаналиев С. Кыргыз музыкалык аспаптары. - Ф., 1986.*


## ШЕРТЕР АСПАБЫНЫҢ ЖЕТІСТІКТЕРІ


**З.Ш. Ізмұратова**

*ҚР мәдениет қайраткері, Құрманғазы атындағы ҚҰК доценті*


**Шертер -** үш ішекті, шертіп ойнайтын, қазақтың аспаптық музыка мәдениетіндегі көне аспаптардың бірі. Шертер көбінесе ән-жыр, дастандарды қостауға арналған, бақташылар арасында кең таралған аспап. Қариялардың әңгімелеріне қарағанда шертердің құрылысы мен формасы негізінде домбыраға ұқсас болған, мойыны қысқа, қыл ішек тағылған, үлкендігі қобыздай. Аспаптың шанағы жартылай көн терімен қапталған, сондықтан да дыбысы қоңыр да жағымды. Аспапта үш ішекті домбыраның күйлері еркін ойналады.



Ертеректе қазақ халқының тұрмысында шертер аспабы болған деген мәліметтер XVIII-XIX ғасырларда өмір сүрген орыс этнографтарының еңбектерінде көрсетілген. Бұл аспап көрінісі жөнінен қарапайым. Ертеде шертердің мойыны имектеу, басында шайтан тиегі жоқ ойық болып келген. Бұл аспап Семей өңірінен табылған үш ішекті домбыра сияқты, тек тұрқы жөнінен домбырадан кішілеу, шанағы көн теріден қапталғандықтан дыбысы домбырадан гөрі қоңырлау. Аспаптың «шертер» аталуы өзінің аты айтып тұрғандай «шертіп ойнау» деген ойнау әдісінен алынуы мүмкін.

XIX ғасырдың орта шенінде орыс этнографы С.Болотов «Сырдария» атты еңбегінде қазақта гитараға ұқсас аспап болған деген болжам айтты, бұл аспаптың шертер болуы әбден мүмкін. 1870 жылдары Орта Азия халықтарының музыкалық мұраларын зерттеуші Август Эйхгорн темір сылдырмақтары бар қыл-



Подпись заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. ... НА